Жаштык бул - ЖИГЕР!

# ӨНУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№03 (216) 2023-жыл, апрель Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН ЭШИГИН АЧ!



**ЗАМАНБАП БИЛИМ**




**УЛУТТУК ТАРБИЯ**



**ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯ**



**ШАТТУУ КҮНДӨР**



## Кымбаттуу абитуриент!

Бүгүн сиздер билим, тарбия берип турмуштун узак жолуна аттантып жаткан мектебиңерге ыраазычылык айтып, колуңарга орто мектептин бүтүрүү аттестатын алуу алдында турасыңар.

Жашооңордун жаңы барагы ачылып, өлкөмдүн намысына жарасам, ата-энемдин аруу тилегин, мүдөөсүн аткарсам, эң негизгиси жүргөгүмдөгү бөпөлөп келген таттуу кыялдарымды ишке ашырсам деп турган чагыңар.

Азыр ар бириңер университеттердин аброюн, билим берүү деңгээлин, илимий потенциалын, сапаттык салмагын, эл аралык беделин, студенттик күндөрдү мазмундуу жана маңыздуу өткөрүү үчүн түзүлгөн шарттарын карап, терең ойлонуп жаткан кезиңер.

Эгерде жүрөгүңөрдүн түпкүрүндө келечек муундарга татыктуу тарбия жана билим берген педагог болууну каалап турсаңар, өмүр сакчысы болууну эңсеп жатсаңар, элдин укугун коргогон юрист болгуңар келсе, ыйман жолуна үндөгөн теолог болууга ниет кылып жатсаңар, экономиканы көтөргөн финансист, экономист, же бизнесмен болгуңар келсе, заманбап IT адис, компьютердин тилин билген кесипкөй инсан болууну самасаңар, өлкө желегин желбиреткен спортсмен болууга, кыргыз элинин улуттук маданиятын дүйнөгө тааныткан искусство адамы болууну эңсеп жүрсөңөр, мамлекеттер арасында достукта көпүрө болууну каалап англис, француз, немис, араб, кытай, корей, япон тилдерин өздөштүрүп дипломат, тилчи мугалим, котормочу болууну кааласаңар, өлкөбүздүн энергетикалык булагын өнүктүргөн адис болууну кыялданып жатсаңар, акылмандуулукка умтулган философ, башкаруучу болгуңар келсе же жөн эле ак ниет менен элибизде кызмат кылган жакшы адам, татыктуу адис болууну кааласаңар, анда билим берүүнүн алтын уясы болгон Ош мамлекеттик университетин тандагыла.

Чыныгы билим алууга дилгирленгендерге таланттуу жана жөндөмдүүлөргө, мыкты адис болууну эңсегендерге, жакшы адам болууга умтулган улан-кыздарга Ош мамлекеттик университетинин билим эшиги дайыма ачык.

ОшМУда гана эң мыкты билим алган 10 студент жылына 1,200 $ өлчөмүндө "Атуулдук стипендия" алуу мүмкүнчүлүгү бар. Ар бир окуу жылынын аягында ТОП 20га кирген студенттерибизге жылына 10 000 сомдон стипендия да ыйгарабыз.

Евразиядагы эң мыкты 3 университеттин катарына кирген Ош мамлекеттик университетине куш келгиле!

Урматтуу абитуриент! Биздин окуу жай күн санап өнүгүү жолунда баратат. Кел, оку, өлкөнүн өнүгүүсүнө салымыңды кош! Бардыгы сенин колуңда экенин унутпа!

**ОшМУнун ректору, профессор**
**Кудайберди Кожобеков**

WWW.OSHSU.KG
+996 (3222) 7-22-73
+996 (3222) 7-09-15
edu@oshsu.kg
OSH STATE UNIVERSITY
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
@OSHSU.KG
@OSHSU.KG

# Ар бир кесип ардактуу

Ош мамлекеттик университети 2023-2024 окуу жылына төмөнкү багыттар/адистиктер боюнча абитуриенттерди кабыл алууну жарыялайт:

## КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Филологиялык билим берүү:***
- Кыргыз тили жана адабияты;
- Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлбөгөн билим берүү мекемелериндеги мамлекеттик тил;

***Журналистика:***
- Мультимедиалык журналистика;
- IT жана мобилдик журналистика;
- Масс-медиа жана полингвизм.

**Магистратура**

***- Филологиялык билим берүү:***
Кыргыз тили жана адабияты;
- Филология

## ОРУС ФИЛОЛОГИЯСЫ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Филологиялык билим берүү:***
- Орус тили жана адабияты.

***Лингвистика:***
- Чет тилдерди жана маданияттарды окутуунун теориясы жана методикасы.

**Магистратура**

***Филологиялык билим берүү:*** Орус тили жана адабияты;
Филология.

***Лингвистика:*** Чет тилдерди жана маданияттарды окутуунун теориясы жана методикасы.

## ДҮЙНӨЛҮК ТИЛДЕР ЖАНА МАДАНИЯТ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Филологиялык билим берүү:*** Англис тили;
***Филологиялык билим берүү:*** Немис тили;
***Филологиялык билим берүү:*** Корей тили;
***Лингвистика:*** Котормо жана котормо таануу;

**Магистратура**

***Филологиялык билим берүү:*** Англис тили;
Филология.
***Лингвистика:*** Котормо жана котормо таануу.

## ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Педагогика:***
- Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы;
- Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы;

Психология.

**Магистратура**

***Педагогика:*** Башталгыч билим берүү;
Психология.

## ИСКУССТВО ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Көркөм билим берүү:***
- Музыкалык искусство;
- Көркөм өнөр искусствосу;
- Чөйрөнүн дизайны;

Эстраданын музыкалык өнөрү.
**Дизайн:** костюм дизайны; интерьер дизайны;
Костюм жана текстиль искусствосу.
Актердук өнөр;
Режиссура (Кино, ТВ);
Кинооператорлук (Кино, ТВ);

**Магистратура**

***Көркөм билим берүү:***
- Музыкалык искусство; - Көркөм өнөр искусствосу;
Костюм жана текстиль искусствосу.

## ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Дене тарбия.

**Магистратура**

Дене тарбия жана спорт.

## ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИШТЕР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Социалдык-экономикалык билим берүү***
– Тарых;
Китепкана таануу жана документ жүргүзүү:
Башкарууну документациялык камсыздоо;
Социалдык иш;

**Магистратура**

***Социалдык-экономикалык билим берүү***
– Тарых;
Социалдык иш.

## ТАБИЯТ ТААНУУ, ТУРИЗМ ЖАНА АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Табигый-илимий билим берүү:***
(Биология; Химия; География);
Биология;
***Химия*** (профили: химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза);
Туризм;
Агрономия;
Ветеринария;
Колдонмо геодезия.

**Магистратура**

Табигый-илимий билим берүү;
Биология;
Химия;
Туризм.

## МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Физика-математикалык билим берүү:***
Математика, Информатика;
Математика;

***Колдонмо математика жана информатика:***
- Колдонмо математика жана информатика;
- Big Data аналитик.

***Колдонмо информатика:***
- Экономикадагы колдонмо информатика;
- Архитектурадагы колдонмо информатика;
- Бизнес процесстерди жана финансыны автоматташтырылган башкаруу.

***Информатика жана эсептөө техникасы:***
- Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы (ПОВТАС);
- Информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары (АСОИУ);

***Информациялык системалар жана технологиялар:***
- Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар;
- Билим берүүдөгү информациялык системалар жана технологиялар.

***Маалыматтык коопсуздук***
Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия;
Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо.
***Программалык инженерия:*** Веб-технологиялар жана мобилдик системаларды программалык камсыздоо.
***Дизайн:*** графикалык дизайн.

**Магистратура**

Физика-математикалык билим берүү;
Математика;
Колдонмо математика жана информатика;
Информатика жана эсептөө техникасы;
Информациялык системалар жана технологиялар;
Колдонмо информатика;
Билим берүүнүн менеджменти.

## ЮРИДИКА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Юриспруденция;
Укук коргоо иши;
Сот экспертизасы;
Бажы иши.

**Магистратура**

Юриспруденция.

## ФИЗИКА – ТЕХНИКА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Физика-математикалык билим берүү:***
Физика;
***Электроэнергетика жана электротехника:***
Электр менен камсыздоо;
Агроинженерия.
***Программалык инженерия:*** Электромобилдер жана роботтук техникалык системаларды автоматтык башкаруу үчүн программаларды иштеп чыгуу;
Архитектура.
***Техникалык физика:***
-Медициналык физика;
-Криминалистикалык экспертизанын физикалык методдору;
Эмгек жана жалпы техникалык дисциплиналар.

**Магистратура**

***Физика-математикалык билим берүү:*** Физика.
**Электроэнергетика жана электротехника:**
Электр менен камсыздоо;
Физика.

## БИЗНЕС ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

***Экономика:***
- Финансы жана кредит;
- Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит;
- Ишканалардын экономикасы жана башкаруу;
- Салык жана салык салуу;
- Экономикадагы математикалык методдор.

***Менеджмент:***
- Менеджмент;
- Уюмдун менеджменти;
- Персоналды башкаруу;

Бизнес информатика;
Бизнести башкаруу;
Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу;
Маркетинг;

**Магистратура**

Экономика;
Менеджмент;
Менеджмент (Саламаттыкты сактоодогу менеджмент);
Бизнести башкаруу;
Маркетинг.

## ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Дарылоо иши (чет элдик жарандар үчүн)

**Магистратура**

Коомдук саламаттыкты сактоо.

## ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Теология.

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

**РОССИЯЛЫК ЖАНА ЕВРАЗИЯЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ**

***Аймак таануу:*** Чыгыш Азия.
**Россия менен кош дипломдуу программа**
***Математика жана компьютердик илимдер:*** Инженердик жана технологиялык долбоорлоодо компьютердик моделдөө.
**Россия менен кош дипломдуу программа**
Эл аралык мамилелердеги санариптик дипломатия.
**Россия менен кош дипломдуу программа**
**МАГИСТРАТУРА**
***Аймак таануу:*** Чыгыш Азиядагы интеграциялык процесстер: коомдук-саясий аспектилери
**Россия менен кош дипломдуу программа**
Эл аралык мамилелер жана санариптик дипломатия
**Россия менен кош дипломдуу программа**

### ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

Программалык инженерия;
Интернет технологиялар жана башкаруу;
***Экономика:*** Дүйнөлүк экономика;
***Туризм:***
- Туризм менеджменти жана мейманкана иши;
- Эл аралык туризм.

### ЕВРОПАЛЫК ЖАНА АМЕРИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

Европа таануу.
***Бизнес жана башкаруу:*** Эл аралык бизнес.
***Юриспруденция:*** Эл аралык жана европалык укук;
Англис тили кошумча котормо жана котормо таануу профили менен;
Англис тили кошумча компьютердик лингвистика профили менен.
**Магистратура**
***Бизнес жана башкаруу:*** Эл аралык бизнес.

## КЫРГЫЗ-КЫТАЙ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Кытай таануу.
***Лингвистика:*** Котормо жана котормо таануу.
***Программалык инженерия:***
- Информатика жана технология;
- Электрондук маалымат инженериясы.
***Филология:*** Филологиялык дисциплиналарды окутуунун методикасы (Англис тили);
Филологиялык дисциплиналарды окутуунун методикасы (Кытай тили).
**Магистратура**
Кытай таануу.
***Лингвистика:*** Котормо жана котормо таануу.

## ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Эл аралык мамилелер;
Саясат таануу;
Чыгыш таануу, африка таануу;
Конфликтология.
***Лингвистика:*** Котормо жана котормо таануу;
(корей, араб, япон тилдери).
***Магистратура***
Эл аралык мамилелер;
Саясат таануу;
Чыгыш таануу, африка таануу.

## МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Дарылоо иши;
Педиатрия;
Медициналык алдын алуу иши;
Стоматология;
Фармация;
Фармация (орто кесиптик жана жог. мед. бил. баз.);
Медициналык айым иши.

## АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

Теология.
**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**
Теология.
**Магистратура**
Теология.

## ФИНАНСЫ – ЮРИДИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Укук таануу;
Укук коргоо ишмердүүлүгү;
Экономика жана бухгалтердик эсеп;
Финансы;
Салык жана салык салуу;
Банк иши;
Теология.

## ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Баштапгыч класстарда окутуу;
Мектепке чейинки билим берүү;
Дене тарбия;
Эсептөө техникасын жана автоматташтырылган системаларды программалык жабдуу (ПОВТАС);
Дизайн;
Тигүү буюмдарын конструкциялоо, моделдештирүү жана технологиясы;
Социалдык иш;
Социалдык патронаж;
Башкарууну документациялык камсыздоо жана архив жүргүзүү.

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Чет тили;
Котормо иши (англис тили);
Котормо иши (кытай тили);
Котормо иши (корей, араб, түрк тилдери).

## STEM ИННОВАЦИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

Электр менен жабдуу;
Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо;
Транспорттук электр жабдууларын жана автоматикасын эксплуатациялоо;
Медициналык техникаларды оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана монтаждоо;
Эсептөө техникаларынын каражаттарын жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө;
Колдонмо информатика (Экономика аймагында);
Информациянын иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары;
Ветеринария;
Туризм;
Колдонмо геодезия.

## МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Акушердик иш;
Медициналык айым иши;
Дарылоо иши;
Ортопедиялык стоматология;
Профилактикалык стоматология;
Фармация;
Лабораториялык диагностика.

## ӨЗГӨН ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

Акушердик иш;
Медициналык айым иши;
Дарылоо иши;
Ортопедиялык стоматология;
Профилактикалык стоматология;
Фармация;
Физикалык терапия.

## IT АКАДЕМИЯ

WEB–технология;
Локалдык тармактар администратору;
Программалоо курстары;
Робототехника.

## "АДИС" окуу борбору

**Окуу курстары**
***Компьютердик курстар*** (Web-программалоо, графика, дизайн);
***Тил курстары*** (англис, кытай, орус, араб, түрк, корей, немец, япон тилдери);
Бухгалтердик курстар (финансылык эсеп, 1С бухгалтерия, бухгалтердик эсеп, мамлекеттик сатып алуулар (тендер), бизнести пландоо.
***Психология жана педагогика:***
Педагогикалык квалификацияларды жогорулатуу;
Музыкалык сабаттуулук курстары (комуз, гитара, аккордеон, фортепиано);
Кулинария (Ашпозчу, бармен, официант);
Бычып тигүү (декоративдик колдонмо искусство, элиталык пардаларды тигүү.
Биринчи медициналык жардам көрсөтүү, укалоо (үй медайымы);
***Чет элдик жарандар үчүн тил курстары*** (орус, кыргыз тилдери);
***Жалпы республикалык тестке даярдоо курстары (ЖРТ)***
Жалпы республикалык тестке даярдоо (математика, кыргыз тили, орус тили, биология, химия, физика, тарых).



# Окууга кирүү үчүн керектелүүчү документтер:

– Абитуриенттин арызы;
– АТТЕСТАТ же ДИПЛОМ (түп нускасы);
– ЖРТнын сертификаты;
– 3 x 4 өлчөмүндөгү 6 даана сүрөт;
– Паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, көчүрмөсү;
– Аскердик билеттин же каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

# Биздин дарек:

Кыргыз Республикасы, Ош шаары 723500, Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы корпусу, Кабыл алуу комиссиясы 137-каб.,
Телефон: 0(3222)7 08 18, WhatsApp: +996770 111 110
Факс: 0(3222)7 09 15
Сайт: www.oshsu.kg, E-mail: priem@oshsu.kg
КРнын ББжИ минист. лиценз.: №D2018-0001 13.11.2018, №C2019-0021 26.07.2019



ОшМУ өз ишмердүүлүгүн тынымсыз кеңейтип, билим мейкиндигин багындырууда. Заман талабына ылайык өнүгүп, улам жаңы долбоорлорду, максаттарды ишке ашырып, келечекке ишенимдүү кадам таштоодо. Учурда окуу жай дүйнөлүк университеттердин Qs рейтингине кирүү жана 4-муундагы университетке айлануу аракетин баштады.

Жыл ичиндеги окуу жайдын жетишкендиктери, алдыдагы пландары тууралуу сиздерге айтып беребиз.



# КЕЛЕЧЕГИБИЗДИ ӨЗҮБҮЗ АНЫКТАЙБЫЗ



## ДҮЙНӨЛҮК РЕЙТИНГДЕГИ АЛДЫНКЫ УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН КАТАРЫНА КИРЕБИЗ

2022-жылы Президенттин жарлыгы менен өлкөдөгү алдынкы беш окуу жайга өзгөчө статус берилди. Анын катарында Ош мамлекеттик университети да бар. Өзгөчө макамдын негизги максаты - окуу жайды 4-муундагы университетке трансформациялоого өбөлгө түзүү болуп саналат. Президенттин тапшырмасы боюнча жакынкы беш жылдын ичинде биз кескин кадамдарды жасап, дүйнөлүк рейтингдеги алдынкы университеттердин катарына кирүүбүз керек. Бул макам академиялык, финансылык жана башкаруу саясатынын эркиндигин берип, окуу жайдын бийик максаттарын ишке ашырууга шарт түзөт.

Өлкөдөгү бир топ окуу жайлар кайра түзүлүп, айрым институт, академиялар университеттерге бириктирилди. Ушул ирилештирүү саясатына ылайык түштүк аймагында юристтерди даярдаган ири окуу жай Ош мамлекеттик юридикалык институту, Ош шаарындагы №12 кесиптик лицейи, Ош шаардык клиникалык ооруканасынын эски аймагы менен бүтүндөй базасы ОшМУнун карамагына өттү. Бүгүнкү күндө бул мекемелердин аймагына ири курулуштар башталды.

## БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨ ТААНЫЙСЫҢ

Акыркы бир жылда кырктан ашуун окуу жай менен эки тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп, эл аралык байланышыбыз бир топ кеңейди. АКШ, Кытай, Малайзия, Германия, Франция, Польша, Түштүк Корея, Түркия, Россия, Казакстан, Өзбекстан мамлекеттеринин бир нече ЖОЖдору менен эки тараптуу кызматташуу келишимдерине кол койдук.

Алгачкы жолу ОшМУда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби түзүлдү. Мында эки жыл ОшМУда, эки жыл башка чет өлкөдөгү окуу жайда билим алып, эки университеттин дипломуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Кош дипломдуу эл аралык биргелешкен билим берүү программалары Кытай, Россия, Казакстан өлкөлөрү менен ийгиликтүү ишке ашууда. Ал эми Испания, Түркия, Германия, Корея, Өзбекстандын бир нече университеттери менен биргелешкен программаларды түзүү үстүндө иш-аракеттер жүрүп жатат. Кош дипломдуу билим берүү программаларынын саны 20га жакындап калды.

2022-жылдын декабрында ОшМУда Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин филиалы - казак тили жана маданияты борбору ачылды. Жакынкы күндөрдө Евразия улуттук университетинин базасында ОшМУнун филиалы ачылат.

Окуу жай академиялык мобилдүүлүк жана интернационалдаштыруу багытында дагы белгилүү ийгиликтерге жетүүдө. Жыл сайын 500гө жакын студент (магистрант), 300гө жакын окутуучу академиялык мобилдүүлүк боюнча дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү 282 университетке барып, окуп, тажрыйба алмашып келүүдө.

## ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА – ЖАГЫМДУУ АТМОСФЕРА

Өткөн окуу жыл ичинде 20дан ашуун окуу корпустар, жатаканалар, башка курулуштар заман талабына ылайык курулуп жана оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

* Димедиус жана морфология окуу комплекси эки кабаттуу окуу имараты курулду.
* ОшМУнун жогорку билим берүү программалар мектебинин беш кабаттуу окуу имараты салынып, пайдаланууга берилди.
* "Билим" лицейинин үч кабаттуу окуу имаратынын курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди.
* Медициналык клиниканын операциялык, жандандыруу жана хирургия бөлүмдөрү, стоматологиялык клиника ишке кирди. Тез жардам унаасы алынды.
* Медицина факультети үчүн эки заманбап лекциялык залдар пайдаланууга берилди.
* Медицина факультети толук капиталдык оңдоодон өттү.
* "Ак-Буура" кампусунда спорттук аянтчалар заман талабына ылайык модернизацияланды.
* Искусство факультетине кошумча окуу корпусу курулууда.
* Учурда табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинде ветеринардык клиниканын, "Ак-Буура" кампусунда беш кабаттуу окуу-лабораториялык корпустун курулушу жүрүүдө.
* Жакынкы күндөрдө теология факультети үчүн спорт комплекси курулуп баштайт.
* ОшМУнун курамына өткөн №12 кесиптик лицейинин жанына "Жаштар" борбору курулат.

## ОшМУ – САНАРИП МЕЙКИНДИК

Санарип чөйрөсүндө бардык кыймыл-аракеттер толук түрдө электрондук форматта ишке ашууда. Электрондук журнал, электрондук силлабус, электрондук архив, электрондук жадыбал, электрондук айланма баракча, электрондук табель, электрондук оорукана, онлайн шайлоо системасы, "ОшМУ окутуучу", "ОшМУ студент", "ОшМУ абитуриент" тиркемелери реалдуу иш-аракеттерде колдонулууда. ОшМУдагы санарип платформасын өлкөдөгү башка ЖОЖдор келип үйрөнүп, практикалап жатышат.



## ОшМУ – ИЙГИЛИККЕ ШЫКТАНДЫРАТ

Университеттин негизги көрсөткүчү сапаттуу бүтүрүүчү болуп саналат. Андыктан өлкө башчыбыздын тапшырмасына ылайык ОшМУда атайын ойлоп табуучулардын чоң ордосу болгон “Жаштар бизнес паркы” түзүлүп, иштей баштады. Бул борбор-студенттердин ойлоп табууларын, долбоорлорун ишке ашырууга ыңгайлуу база.

“Университет-ОшМУ” волейбол кесипкөй кыздар профессионалдык клубу Кыргыз Республикасынын Волейбол федерациясы тарабынан уюштурулган кыз-келиндер арасындагы клубдар аралык VIII ачык чемпионатында жана КР волейбол боюнча Президенттин кубогунда быйыл чемпион аталды. Аталган команда түштүк аймагында жалгыз волейбол клубу болуп эсептелет.

КР волейбол боюнча жогорку лигасындагы клубдар аралык мелдеште ОшМУнун “Университет-ОшМУ” волейбол кесипкөй балдар клубу вице-чемпион болду.

Бир гана ОшМУда эң мыкты билим алган 10 студент ар жылы 1200$ стипендия ала алат. Ал стипендия өмүр бою университетте эмгектенген меценант агайдын колдоосу менен ишке ашууда. Ошондой эле 22 студент жыл сайын Окумуштуулар кеңешинин стипендиаты болот.

Студенттерди колдоо максатында олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 млн сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлүп келет.

## ОШМУ – ГОРИЗОНТТОРДУ КЕҢЕЙТЕТ

Эл аралык таанууга ээ болуш үчүн көз карандысыз аккредитацияга жана рейтингге катышуунун мааниси чоң. Бул багытта университеттин жамааты бир нече жылдан бери QS дүйнөлүк рейтингинде системалуу иштерди аткарууда. ОшМУ университеттердин дүйнөлүк рейтингдерине кирүүнүн үч жылдык жол картасын түзүп, анын үстүнөн иштөөнү баштады.

Университетибиз НААР аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги тарабынан өткөрүлгөн “Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтинги” программасынын жыйынтыгы боюнча ГЕНЕРАЛДЫК рейтингде катары менен беш жыл 1-орунду камсыздап келет.

## ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛАШТЫРУУ

Төртүнчү муундагы окуу жай ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ- КОММЕРЦИАЛАШТЫРУУ - компоненттерин бирдиктүү ишке ашырышы керек. Билим берүү программалары, илимий изилдөөлөр, долбоорлор өндүрүшкө багытталып, жергиликтүү социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошуусу абзел.

Жогорку окуу жайларга илим-изилдөө багытында өзгөчө талаптар коюлду. Ар бир изилдөө, илимий эмгектер жана долбоорлор өндүрүш менен тыгыз байланышта болуп, ЖОЖ-илим-өндүрүш компоненттери бирдикте ишке ашырылышы керек.

Акыркы эки жылда илимий долбоорлор үчүн 17 млн. сом өлчөмүндө каражат бөлүндү.

Алгачкы жолу 5 багытта PhD докторантура ачылып, иштей баштады.

Илимий журналдарынын ишмердүүлүгү Open Journal System (OJS) платформасына өткөрүлдү.

Окуу жайды өндүрүштүк университетке айлантуу максатында Билим берүү жана илим министрлигинин “Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр: секторду өнүктүрүү” программасынын алкагында ОшМУда "Алдынкы тажрыйба борбору" ачылды. Борбордун биринчи кабатында окуу-өндүрүштүк комплекс үчүн тигүү цехтери, программалык жабдуу менен камсыздоочу өндүрүштөр орун алган. Экинчи кабатында региондордогу колледждерден билимин жогорулатуу үчүн келген мугалимдер, конок лекторлор, академиялык мобилдүүлүк багытында келген студенттер үчүн конок бөлмөлөр бар. «Окуу-өндүрүштүк комплексттен» даярдалган өндүрүштөр ОшМУнун фирмалык дүкөнүнө сатыкка чыгат.

Бүгүн ишенимдүү, туруктуу, креативдүүлүк менен бийиктикке багыт алган ОшМУда 18 факультет, эки институт, бир эл аралык жогорку билим берүү мектеби, алты колледж, бир илим изилдөөчү институт, эки академия, алты мектеп-гимназия, медициналык клиника, 22 эл аралык борбор, 11 жатакана, Ысык-Көлдө “Үмүт” пансионаты, Ошто “Ак-Буура” эс алуу жайы, студенттик профилакториясы бар.

ОшМУ - башталгыч билим берүүдөн тартып докторантурага чейинки заманбап билим берүүнүн бардык баскычтарын өзүнө камтыган класстерлик мекеме.



















Евразиядагы эң мыкты 3 университеттин катарында




ОшМУ – санарип мейкиндигинде



БИЛИМ, ИЛИМ, ӨНДҮРҮШ!




Университет калктын ден соолугу үчүн кам көрөт



Академиялык мобилдүүлүк программасы



Чоң университет – чоң мүмкүнчүлүк!



ОшМУ – горизонтторду кеңейтет




2023-жыл – Сергек жашоо жана ден соолук жылы

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР – УНИВЕРСИТЕТТИН КӨРСӨТКҮЧҮ!

*Ар бир адам үчүн окуган жери ыйык болот эмеспи. Бүтүп кеткен студенттер ОшМУ менен сыймыктанса, ОшМУ ар тараптан ийгилик жаратып келе жаткан бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанат. Сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүбүздү кепке тарттык.*





**Кадырбек кызы Нуркыз, Ош шаардык кеңешинин депутаты, Президенттин Ош облусундагы өкүлүнүн кеңешчиси, Республикалык Кыргыз тили коомунун вице-президенти:**

## "ОшМУ менен эңсеген максатыңызга жетесиз"

Ар күнү агарып аткан таң менен бирге ар бир адамга киндик кан тамган жери мисир жана ыйык деп айтылат. Андыктан кичи мекен деп өзгөчө бааланат. Ошол сыяктуу эле адамдын окуган жери, билим очогу, иштеген жери дагы экинчи мекениндей сезилет. Ош мамлекеттик университети мен үчүн ошондой билим очогу, ошондой баалуу мекеним. Анткени Ош шаарына келгениме чейрек кылымга чактаса ошол мезгилдин баары ОшМУ менен тагдырлаш келе жатат. Адегенде ушул университетти студент катары аяктап, эң мыкты студенттердин катарында окусам, кийин 20 жылдан ашуун окутуучулук-профессордук курамдын катарында эмгектендим. Ош мамлекеттик университети тарыхы түптүү, тамыры терең, орошон флагман окуу жай эсептелет. Совет мезгилинен тартып жаштардын арасында билимди жайылтууда, мыкты адистерди даярдоодо, интеграциялоодо өзүнүн опол тоодой ордун белгилеп келди. Мындан ары да дүйнөлөшүү алкагында, онлайн билим берүүнү жайылтуу мезгилинде, санариптештирүүнүн мерчеминде, заманбап адистерди даярдоодо мыкты механизмдерди иштеп чыгуу менен мамлекет үчүн кызмат кыла берет деп терең ишенем! Абитуриент досторго айтарым, мен ОшМУдан сырткары да эки университетте окудум жана дүйнөлүк окуу жайлардан да стажировкадан өтүп келгем. Ошого карабастан ОшМУнун артыкчылыгы катары дайыма изденүү, жаңылануу жолунда болгондугу, заманбап жабдуулар менен жабдылгандыгы өзгөчө канааттандырат. Кайсы кесипти тандабаңыз ОшМУ менен эңсеген максатыңызга жетесиз деп ишенем!



**Ныяз Ташматов, Улуу Британия мамлекетинде Би-Би-Си Кыргыз кызматынын кабарчысы:**

## "Ийгиликке жетүү үчүн ОшМУ өбөлгө түзүп берет"

Ош мамлекеттик университети мыкты адистерди даярдап келет. Мен англис тилине кызыккандыктан Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетин тандагам. Анткени мектепте окуп жүргөн жылдары англис тили предметинен олимпиадаларга катышып калчумун, кийин ЖРТда предметтик тесттен да жогорку балл алгам. Ошентип өз кызыгуума жараша сураштырып, маалымат алып жүрүп билгем.

ОшМУ - мен үчүн билим уясы! Анткени көптөгөн студенттерин түрдүү адистиктер боюнча даярдап, уясынан учуруп келет. Бүгүнкү күнү алар дүйнө жүзүнүн булуң-бурчунда иштеп, ОшМУнун бүтүрүүчүсү экенине сыймыктанып келишет. Мындан ары да кулачын кенен жайып, дүйнөнүн алдыңкы университеттеринин катарын толуктайт деген терең ишеничтемин, себеби ОшМУ бүгүнкү күнү дал ошол багытты тандады.

Абитуриенттерге айтарым, бийик максат, күлүк кыялдар менен аракет кылууну эч качан токтотпогула. Анткени космоско учуу үчүн алгач космодром куруу керек. Мен да бир убакта айылда окуп, бийик максаттарга жетүүгө аракет кылчумун. Азыр ошол максат гана мени ушул деңгээлге жеткиргенине ыйынып олтурам. Дагы бир сунушум, ар кандай кырдаалда, ар кандай адамдардын туура, кээде туура эмес сын-пикирлерин чыдап көтөрүүгө даяр болгула! Себеби жашоо - бул күрөш. Ошол күрөштө ийгиликке жетүү үчүн ОшМУ өбөлгө түзүп берет. Баарыңыздарга ийгилик!



**Акылай Тилебалдыева, Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси , Педагогика жана психология факультетинин 4- курсунун студенти:**

## "Жөнөкөй студент болбогула..."

Эң алгач ОшМУ тууралуу телевизордон укканмын, Мен мектепти аяктар мезгилден тартып, Ош мамлекеттик университетине тапшыруу планымда бар эле. Бирок кайсыл жерден, кимден маалымат алууну билбегендиктен одноклассниктен таап, ОшМУнун жеке баракчасынан маалымат алганмын. ОшМУ мен үчүн билим кени. Өзүмдү таанууума, өнүгүүгө, жана пландарымдын ишке ашуусуна себеп болгон алтын уя.


Жаңыдан келе жаткан абитуриенттерге айтарым, жаңыдан окууга келген күндөн баштап жөнөкөй студент болбогула, башка студенттерден айырмаланып тургула. Билим алгыла, алдыңарда силердин өнүгүшүңөргө салымын кошо турган кандай гана иш болбосун кылып көргүлө, эң негизгиси өзгөлөрдөн өзгөчөлөнүп тургула.



**Динара Камчыбекова, Кыргыз Республикасынын Самбо боюнча курама командасынын мүчөсү, медицина факултетинин студенти:**

## "Жетишкендиктеримдин себепчиси – ОшМУ"

Бул дүйнөдө адамдан башка укмуш жан жок чыгар. Анткени ар бир адам баласынын тагдырын тандоосу өзүнүн эрки эмеспи. Адамда каалоо күч болсо, кыйынчылыка карабастан жеткени аракет кылып жашайт. Башкысы туура максат коюу керек. Максаттарымдын ишке ашуусуна Ош мамилекеттик университети себеп болуп келе жатат. Ошондой эле мени ар тараптан колдоп келет. Өзүм медицина тармагында окусам да, спорт жаатында бир топ ийгиликтерге жетишип келе жатам эсептейм. Урматтуу достор, өз кесибиңерден сырткары ар тараптуу өнүгөм десеңер ОшМУ силерге кепил болуп берет деп терең ишенем!



**Амантур Жыргалбек уулу, Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси , Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин 4- курсунун студенти:**

## "ОшМУ – асыл окуу жайым"

ОшМУ боюнча алгач мектепте окуп жүргөн кезде угуп келгенбиз. Республика боюнча университеттердин флагманы наамын алып жүргөн эң алдыңкы окуу жай. ОшМУ жөнөкөй дыйкандын уулунан бүгүнкү күндөгү президенттик стипендиянын ээсин тарбиялады. ОшМУ - менин бүгүнкү күндө жетишкен жалпы сыйлыктарымдын башатында турган, ар дайым колдоп кубатаган ыйык мекен. Урматтуу абитуриент, сиз келечектин эң алдыңкы кадыры болуп чыгууну кааласаңыз, өзүңүздү бир гана окуу жаатында эмес маданий, илимий, социалдык жактан жетишкен кадр болгуңуз келсе анда сиздин тандоонуз ОшМУ болуусу зарыл. Келечегиниздин кепили – ОшМУ!

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезити

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Канайым Акназарова
Даткайым Эртабылды кызы
Бийгелди Апжапаров
Жунус Асеков
Элена Аданова

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 6000 Буюртма № 551

# Университет – өнөрлүүгө өрнөк, талантттуга тирек



## УЧУРДА

- 17 факультет,
- 3 институт,
- 6 колледж,
- 5 мектеп-гимназия,
- 27 окуу корпусу,
- 10 студенттик жатакана,
- 2 медициналык клиника,
- 1 студенттик профилактория,
- 2 пансионат,
- 18 ачык жана жабык типтеги спорт комплекси,
- 1 стартап борбору,
- 30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук борборлор, лабораториялар жана концерттик залдар бар.

## БИЗНЕС ИДЕЯЛАРДЫ БИРГЕ ЖАРАТАБЫЗ

Өлкө башчысы Садыр Жапаровдун тапшырмасына ылайык, жана Министрлер кабинетинин төрагасынын катышуусу менен ОшМУда "Жаштар бизнес паркы" ачылды. 2022-жылдын июнь айынан бери 22 стартап-долбоор инвесторлор тарабынан жактырылып, жалпы тартылган инвестициянын суммасы 5 249 642 сомду түздү.



## СТУДЕНТТЕРДИ КОЛДОО

10 студент/ Атуулдук стипендия 1200 $
6 студент/ КР Президентинин стипендиясы 50 000 сом
22 студент/ Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы 5000 сом



## СТУДЕНТТЕР ОКУТУУЧУЛАРДЫ ТАНДАЙ АЛАТ

2022-2023-окуу жылында университеттин окуу процесси академиялык эркиндиктин принциптерине жана студенттин жеке траекториясына негизделген дисциплиналарды жана окутуучуну тандоо мүмкүнчүлүгүн киргизди. Студент өзү каалаган дисциплиналык курсту жана окутуучуну эркин тандап, тиешелүү кредиттик саattарды өздөштүрөт. Бул кадамдар күчтүү атаандаштыкты жаратып, билим берүү сапатына түз таасир этип, академиялык эркиндикти, чынчылдыкты камсыз кылат жана дүйнөлүк рейтингде академиялык аброю менен байланышкан талаптарды сактайт.

## ӨЗҮН-ӨЗҮ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРЛОРУ

- Жаштар кеңеши
- Акыйкатчы аппараты
- "Enactus" командасы
- "Нур" гезити, "Үмүт" телестудиясы
- "Салтанат" фольклордук ансамбли
- "Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борбор
- "Мырзалар" эстрадалык ырчылар тобу
- "Аруукe" бийчилер тобу
- Дискуссия жана дебат клубдары



## Кесипкөй спорт клубдар:

- "ОшМУ – Университет" балдар волейбол клубу
- "ОшМУ – Университет" кыздар волейбол клубу
- "ОшМУ – Алдиер" футбол клубу
- "ОшМУ – Университет" кичи футбол клубу
- "ОшМУ – Университет" стол теннис клубу

"ОшМУ – Университет" баскетбол клубу жана спорттун 16 түрү боюнча секциялар иштейт.



Студенттерди колдоо максатында олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 000 000 сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлүп келет.